Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин **"Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы"** темасындагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппонент, техника илимдеринин доктору, профессордун м.а. Курманбек уулу Талантбектин

ПИКИРИ

1. Диссертациянын темасынын акуталдуулугу: Дистанттык билим берүүнүн теориясын жана практикасын терең изилдөө анын иштөө механизмдерин тереңирээк түшүнүүгө, артыкчылыктары менен чектөөлөрүн баалоого жана мындан аркы өнүгүү перспективаларын аныктоого өбөлгө түзөт. Бул жагдай дистанттык билим берүүнүн негизинде инновациялык билим берүү стратегияларын ишке ашырууда зор маанеге ээ.

Бул диссертация учурдагы жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү эң актуалдуу маселелердин бири — дистанттык билим берүүнү өнүктүрүү көйгөйүнө арналган. Изилдөөнүн актуалдуулугу билим берүү тутумунун санариптештирүү, ааламдашуу жана эмгек рыногунда болуп жаткан динамикалык өзгөрүүлөр шартында жаңы чакырыктарга ыкчам жана ылайыктуу жооп кайтаруу зарылдыгы менен байланыштуу.

Заманбап шарттарда дистанттык технологиялар билим алууну кеңири аудитория үчүн жеткиликтүү кылуу менен гана чектелбестен, алардын натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу максатында илимий негизделген ыкмаларды иштеп чыгуу талабын коюуда. Ошол эле учурда, дистанттык билим берүүнүн практикалык аспектилерин изилдөө да өзгөчө актуалдуулукка ээ. Бүгүнкү күндө жогорку окуу жайларында кеңири колдонулуп жаткан санариптик технологиялар дистанциялык билим берүүнү натыйжалуу уюштурууга мүмкүндүк берүүдө. Бирок, бул технологияларды натыйжалуу пайдалануу үчүн окутуучулардын тиешелүү санариптик көндүмдөрүн калыптандыруу, окуу процессин башкаруунун

Бөлүм секретары

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 80 «17» 08 2025 ж/г

заманбап санарип системаларын киргизүү жана ишке ашыруу, ошондой эле педагогикалык ыкмаларды илимий жактан негиздеп өнүктүрүү талап кылынат.

Ушул талаптарды эске алуу менен, бул диссертацияда дистанттык окутуунун дидактикалык негиздери, методикалык ыкмалары жана уюштуруу моделдери комплекстүү түрдө каралат. Ошондуктан, теманын илимий жана практикалык актуалдуулугу жогору болуп, изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку билим берүү системасын модернизациялоого жана заманбап талаптарга ылайык адистерди даярдоого маанилүү салым кошот.

2. Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы. Диссертациялык иштин мазмунун камтыган илимий макалалар, окуу-методикалык куралдар, колдонмолор жарык көргөн. Алардын жалпы саны: 41. Атап айтканда негизги жыйынтыктар 2 илимий монографияда, 3 окуу-усулдук колдонмолордо, 36 илимий макалаларда (алардын ичинен 3өө чет мамлекеттерде, 3өө Scopus Эл аралык басылмада) чагылдырылган.

3. Диссертациянын көлөмү жана түзүмү. Диссертация киришүүдөн, төрт бөлүмдөн, алардан алынган жыйынтыктардан, корутундудан жана методикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 246 бет компьютердик тексттен, 245 аталыштагы адабияттардын тизмегинен турат.

4. Илимий натыйжалар: Диссертацияда төмөндөгү негизги илимий натыйжалар алынган:

- Дистанттык билим берүүнүн пайда болу тарыхы жана проблемалары изилденген. IT технологиялардын дистанттык билим берүүдөгү ролу, орду белгиленип илимий өбөлгөлөрү аныкталган.
- Дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык элементтерин камтыган концептуалдык негиздери аныкталган, окутуу жана тарбиялоо процесстерин регламентөөчү принциптери иштелип чыккан.
- Дистанттык билим берүүнүн структурасы менен мазмуну аныкталып анын схемасы түзүлүп чыккан. Ошону менен бирге дистанттык билим берүүнүн педагогикалык шарттары аныкталып илимий жактан негизделген.

• Жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн негизинде дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы иштелип чыккан жана анын ар бир компонетине мүнөздөмө берилген, ошону менен бирге методикалык системанын модели түзүлүп чыккан.

• Дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилери изилденип практикалык сунуштар берилген.

Бул натыйжалар диссертациянын максаты жана милдеттери менен байланышып, жогорку окуу жайларындагы дистанттык билим берүүнү өнүктүрүүгө, натыйжалуу окутуунун негизги маселелерин чечүүгө багытталган.

Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин диссертациялык изилдөөсүндө аралыктан окутуунун, онлайн билим берүү, санариптик технологиялардын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрү сыяктуу бардык теориялык жана практикалык аспектилер кеңири талдоого алынган. Дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы иштелип чыгып анын педагогикалык модели схема түрүндө берилген (2-схема).

Методикалык системанын ар бир блогу кеңири чечмеленип берилген. Андан тышкары бул диссертациялык иште билим берүү процессинде колдонулган жаңы маалыматтык техника жана технологиялар кеңири изилденип, дистанттык билим берүүнүн педагогикалык шарттары аныкталып анын схемасы берилген (3-схема). Дистанттык билим берүүнүн жалпы педагогикалык шарттарын “Уюштуруучулук” жана “Методикалык” шарттар деп экиге бөлүп караган жана анын ар бир компонентине кеңири педагогикалык мүнөздөмөлөр берилген.

5. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү. Изилдөөдө алынган натыйжаларды дистанттык билим берүүнү ишке ашырууда, илимий-теориялык жана прктикалык негиздерин аныктоодо пайдаланса болот. Изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнү жөнгө салууга, аралыктан окутуунун теориялык жана методикалык мазмунун байытууга, практикалык маселелерди чечүгө мүмкүндүк түзөт. Изилдөөдө алынган натыйжаларды, тажрыйбаларды

дистанттык билим берүүнү уюштуруу жана ишке ашыруу практикасында колдонууга болот.

6. Эксперименталдык изилдөөлөрдүн натыйжалары. Эксперименталдык иштер сунушталып жаткан дистанттык билим берүүнүн методикалык системанын негизинде Информатика курсун окутуу процессинде жүргөн. Курстун максаты ага жетүүнүн логикалык этаптары белгиленип, ар бир этап окутуунун милдеттери менен шайкеш келтирилген. Курсту окутууда жаңы маалыматтык технологиялар кеңири колдонулган жана автор эксперимент учурунда заманбап санариптик платформаларды аралыктан окутуу процессинде колдонгон жана экспериментке катышкан мугалимдерди жана студенттерди ошол санариптик платформаларды колдонууга үйрөткөн. Андан тышкары LMS системалары аркылуу окуу процессин уюштуруу процесси изилденген, экспериментке катышкан мугалимдер LMS системалары аркылуу көзөмөлдөө ишмердүүлүгүн жүргүзүп турушкан. Мында мугалимдер тарабынан студенттердин санариптик сабаттуулугу, билим берүү порталдарында иштей билүү көндүмдөрү, үзгүлтүксүз кайтарым байланышы, аткарууга берилген тапшырманын жасалгаланышы, студенттин жоопкерчилиги ж.б.у.с. сыяктуу маалыматтар аралыктан LMS системалары аркылуу анализденип турган.

Жыйынтыктап айтканда, изилдөөнүн натыйжалары дистанттык билим берүүнү натыйжалуу жана заманбап технологиялар, ыкмалар менен уюштурууга, ишке ашырууга көмөктөшүп, аралыктан билим алган студенттердин кесиптик даярдыгын жогорулатууга багытталган.

Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин изилдөөсүнүн натыйжалары жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүү, окутуу процессинде кеңири колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Сунушталган дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы жана материалдар аралыктан билим берүүнү жакшыртуу менен студенттердин санариптик көндүмдөрүн, кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзөт. Бул материалдар жогорку окуу жайларда аралыктан окутууну заманбап санариптик

технологиялар, ыкмалар менен өткөрүүгө, келечектеги кесиптик ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө шарттарды түзөт.

7. Автореферaттын диссертациянын мазмунуна дал келиши: Диссертациянын автореферaты негизги изилдөөнүн мазмунуна толук дал келет жана аны кыскача, мазмундуу түрдө чагылдырат. Авторефератта төмөнкү аспектилер так жана жүйөлүү көрсөтүлгөн:

- *Изилдөөнүн максаты жана актуалдуулугу* – Диссертациянын негизги максаттары жана изилдөө актуалдуулугу авторефератта так белгиленген. Бул аспектте автор изилдөөнүн зарылдыгын жана аны ишке ашыруу үчүн кандай практикалык маселелерди чечүүгө багытталганын түшүндүрөт.
- *Коюлган милдеттер жана аларды чечүүнүн жолдору* – Авторефератта диссертацияда коюлган негизги изилдөө милдеттери жана аларды чечүүдө колдонулган ыкмалар жана методдор так көрсөтүлгөн. Ар бир милдет боюнча изилдөөнүн негизги этаптары жана ыкмалары көрсөтүлгөндүгү диссертациянын мазмуну менен толук шайкеш келет.
- *Илимий жаңылыктар жана алынган натыйжалар* – Диссертациянын негизги илимий жаңылыктары жана алынган натыйжалар авторефератта так чагылдырылган. Мында изилдөөдө табылган жаңы моделдер, методологиялар жана сунуштар негизги илимий натыйжалар катары көрсөтүлүп, алардын маанилүүлүгү баса белгиленген.
- *Практикалык маанилүүлүк* – Автор изилдөөнүн практикалык маанисин да кеңири баяндаган. Диссертациянын мазмунундагы практикалык сунуштар жана аларды билим берүү чөйрөсүндө колдонуу мүмкүнчүлүктөрү авторефератта так жана жүйөлүү түрдө көрсөтүлгөн.
- *Жыйынтыктар жана сунуштар* – Автореферат диссертациянын жыйынтыктарын жана сунуштарын так, кыска жана түшүнүктүү кылып баяндаган. Бул бөлүмдө диссертацияда алынган бардык негизги жыйынтыктар камтылган жана алар менен практикалык колдонууга байланыштуу сунуштар шайкеш келтирилген.

Жыйынтыктап айтканда, автореферат диссертациянын мазмунун толук жана так чагылдырып, илимий иштин маанилүүлүгүн жана жаңылыктарын кыска жана мазмундуу түрдө баяндап берет. Диссертацияда камтылган бардык негизги аспектилер жана маалыматтар автореферatта толугу менен чагылдырылган жана алардын ортосунда дал келүү бар.

8. Диссертациянын мазмуну жана түзүлүшү боюнча кемчилдиктер:

1. Moodle платформасынын даяр шаблондорун орнотуу жана аны колдонуп билим берүү сайтын түзүү, жасалгалоо жагы аз берилген.

2. Дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын колдонуу боюнча эксперименталдык иштер Кыргызстандын региондорундагы жогорку окуу жайларында да жүргүзүлсө жакшы болмок.

Бул мүчүлүштүктөр сунуш катары белгиленип иштин маанилүүлүгүнө, баалуулугу менен сапатына таасир этпейт.

9. Диссертацияга коюлган талаптарга иштин шайкештиги. Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыгы, жалпысынан оң баа берүүгө татыктуу. Изилдөө учурунда алынган илимий жана практикалык жыйынтыктар жогорку мааниге ээ жана алар дистанттык билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жардам берет. Изилдөөнүн максатында көрсөтүлгөн илимий натыйжаларга жетүү, изилдөөнүн алынган жыйынтыктары менен далилденип, коюлган милдеттер толугу менен чечилген. Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин иши өз алдынча толук аткарылып бүткөн илимий эмгек болуп эсептелет жана докторлук диссертацияга коюлуучу талаптарга толугу менен жооп берет.

ЖЫЙЫНТЫК

1. Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин 13.00.02 – Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы»** темасындагы диссертациялык изилдөөсү өз алдынча толук бүткөрүлгөн иш.

Диссертациялык иш адистерди даярдоонун маанилүү маселелерине толук жооп берет жана актуалдуу болуп саналат. Аткарылган иш доктордук диссертацияларга коюулуучу “Кыргыз Республикасында окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндөгү” КР УАК тын жобосунун талаптарына ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат.

2. Диссертациялык иштин автору Ибраев Алмазбек Дүйшөкович 13.00.02 – Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алууга толук татыктуу.

Расмий оппонент,
И.Арабаев атындагы КМУнун
профессорунун м.а., т.и.д. **Курманбек уулу Т.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ